№ 705-ФХД/26 12.02.2026

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Ош шаары

**БУЙРУК**

(Жоболорду бекитүү жөнүндө)

2026-жылдын 6-февралындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 5 протоколунун чечиминин негизинде ар түрдүү 4.1 өндүрүштүк маселеде каралган «Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору PhD/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндөгү»; «ОшМУнун кандидаттык/докторлук диссертациясынын үстүнөн өз алдынча иштеген окумуштуулук даражасын изденүүчүлөрү жөнүндөгү» жоболорун бекитүү боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

I. 2026-жылдын 16-январындагы ОшМУнун Административдик кеңешинде № 15 протоколунун чечиминин негизинде Окумуштуулар кеңешине бекитүүгө сунушталган «Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн PhD/тармак боюнча докторантурасын уюштуруу жана философия доктору PhD/тармак боюнча доктор окумуштуулук даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндөгү»; «ОшМУнун кандидаттык/докторлук диссертациясынын үстүнөн өз алдынча иштеген окумуштуулук даражасын изденүүчүлөрү жөнүндөгү» жоболору бекитилсин.

II. Жоболордун аткарылышын камсыздоо, ОшМУнун сайтына кыргыз, орус тилдеринде жайгаштыруу, тиешелүү изденүүчүлөргө жайылтуу милдети аспирантура жана докторантура секторунун башчысы Ж. Т. Молдалиевге жүктөлсүн.

III. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору, доцент Э. А. Эшаровго жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Жобонун долбоору, практика жана карьера борборунун жетекчисинин, окумуштуу катчынын билдирүүлөрү,окуу иштери боюнча проректордун сунушу*

**ОшМУнун ректору, профессор** **К. Г. Кожобеков**

документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

| S-2026-0001<br>*(документтин шифры)*<br>8<br>*(беттин саны)*<br>12.02.2026<br>*(бекитилген датасы)* | Ош мамлекеттик университети<br>**УЮШТУРУУЧУЛУК ЖАНА БАШКАРУУ САЯСАТЫ**<br>Ош мамлекеттик университетинин кандидаттык/докторлук диссертациясынын үстүнөн өз алдынча иштеген окумуштуулук даражасын изденүүчүлөрү жөнүндөгү<br>**ЖОБОСУ** |
|---|---|

«БЕКИТЕМИН»
ОшМУнун ректору
К.Г. Кожобеков

Ош мамлекеттик университетинин кандидаттык/докторлук диссертациясынын үстүнөн өз алдынча иштеген окумуштуулук даражасын изденүүчүлөрү жөнүндөгү

# ЖОБОСУ

документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

**Ош-2026**

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекеттик университетинин кандидаттык/доктурлук диссертациясынын үстүнөн өз алдынча иштеген окумуштуулук даражасын изденүүчүлөрү жөнүндөгү жобосу |
| Документтин теги | ОшМУнун уюштуруучулук жана башкаруу саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | |
| Документтин шифры | |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул жобо Ош мамлекеттик университетинде илимдин кандидаты/доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изденүүчүлөрдү кабыл алуу тартибин, жол-жобосун аныктайт |

ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| 1. Титулдук барак | 1-бет |
| 2. Ченемдик документтин паспорту | 2-бет |
| 3. ОшМУда илимдин кандидаты/доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изденүүчүлөрдү кабыл алууда керектелүүчү документтердин тизмеси | 3-4 беттер |
| 4. ОшМУнун илимдин кандидаты/доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изденүүчүлөрдү конкурстук негизде кабыл алуунун тартиби | 5-бет |
| 5. Изденүүчүлөрдүн жылдык отчетторун кабыл алуунун тартиби жана келишимдик акыларды төлөөнүн сметасы | 6-7-беттер |
| 6. Жобого өзгөртүү киргизүү жөнүндө | 7-бет |
| 7. Тиркемелер | 8-9-беттер |


документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-июлундагы № 358 «Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жөнүндөгү» токтомунун негизинде иштелип чыкты

Ош мамлекеттик университетинин кандидаттык/докторлук диссертациясынын үстүнөн өз алдынча иштеген окумуштуулук даражасын изденүүчүлөрү жөнүндөгү

## ЖОБОСУ

1. Кандидаттык диссертациясын өз алдынча жазып жүргөн окумуштуулук даражасын изденүүчү (мындан ары – изденүүчү) мамлекеттик үлгүдөгү жогорку билимдүү адистин диплому же магистратура бүткөндүгү жөнүндө диплому болушу керек. Медицина тармагындагы адистер үчүн интернатураны, ординатураны бүткөндүгү тууралуу документи болушу шарт. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жыл 6-октябрындагы № 637 токтомунун негизинде Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиянын жобосуна ылайык иш жүргүзүлөт.

2. Докторлук диссертациясын өз алдынча жазып жүргөн окумуштуулук даражасын изденүүчү (мындан ары – изденүүчү) илимдин кандидаты же PhD доктор окумуштуулук даражасы болушу керек. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жыл 6-октябрындагы № 637 токтомунун негизинде Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиянын жобосуна ылайык иш жүргүзүлөт.

3. Ош мамлекеттик университетинде илимдин доктору окумуштуулук даражасын изденип алууга диссертация даярдоо үчүн изденүүчүлөр тиешелүү адистиктери боюнча кафедраларга 4 жылдан кем эмес мөөнөткө бекитилет. Анын 3 жылына акы төлөө келишими түзүлөт.

Илимдин кандидаттыгына изденүүчүлөрдүн илимий иш тажрыйбасы 5 жылдан кем эмес болуш керек.

4. Изденүүчүлөрдү кабыл алууда талап кылынуучу документтер

- Ректордун атына жазылган арыз, арызга диссертациянын темасы, адистигинин шифры, илимий жетекчисинин/кеңешчисинин аты-жөнү жана окумуштуулук даражасы, наамы көрсөтүлөт. Арызга ректордун же илимий иштер боюнча проректордун визасы коюлат;
- Диссертациянын багыты боюнча профили туура келген кафедранын кеңешмесинин протоколунун чечиминен көчүрмө (кафедра башчысынын жана катчысынын тастыкталган кол тамгалары менен);

документ ПОДПИСАН электронной подписью

- Тиешелүү факультеттин Окумуштуулар кеңешинин чечиминин көчүрмөсү, (Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын жана катчысынын тастыкталган кол тамгалары менен);
- Диссертациянын план-проспектиси жана иштөө этаптары (4 жыл);
- Илимий жетекчисинин/кеңешчисинин макулдук каты (илимий жетекчисинин/кеңешчисинин кол тамгасы, мөөрү менен) жана маалыматтары (кандидаттык жана докторлук диссертацияларынын адистиктери, шифрлери, окумуштуулук даражасы, наамы, иштеген жери жана кызматы);
- Жарыкка чыккан илимий эмгектердин, ойлоп табуулардын тастыкталган тизмеси;
- **Докторлук диссертация үчүн** илимдин кандидатынын же философия доктору PhD/тармак боюнча доктор дипломунун көчүрмөсү;
- **Кандидаттык диссертация үчүн** жогорку билими жөнүндөгү дипломдун көчүрмөсү;
- Изденүүчүнүн паспортунун көчүрмөсү;
- Резюме/кадрларды каттоо боюнча өздүк баракча;
- 3х4 өлчөмүндөгү 4 даана сүрөт.

5. Изденүүчүлөрдү кабыл алуу конкурстук негизде жүргүзүлөт.

Университеттин Окумуштуулар (илимий-техникалык) кеңеши аспирантура жана докторантура сектору тарабынан бекитилген илимий кызматкерлердин адистиктеринин номенклатурасына ылайык илимий адистиктер боюнча окумуштуулук даражаны изденип алууга конкурстук негизде кабыл алууну жарыялайт. Документтерди кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийин, конкурстук тандоого бардык катышуучулардын документтери талапкерлерди тандоо боюнча комиссиянын кароосуна берилет. Ректордун буйругу менен конкурстук комиссия (мындан ары – комиссия) түзүлөт, анын курамына мекеменин илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору жана жетектөөчү окумуштуулары кирет.

Документтерди кабыл алуунун белгиленген мөөнөтү бүткөндөн кийин, комиссия 2 жуманын ичинде берилген документтерди карайт.

Конкурстук тандоону ишке ашыруу үчүн негизги критерийлер болуп төмөнкүлөр саналат:

- диссертациялык изилдөө жүргүзүлүүчү илимий адистиги ЖАКтын илимий номенкулатурасына туура келиши;

- диссертациялык изилдөө жүргүзүлүүчү илимий адистиктин диссертациялык иштин темасына дал келиши, андагы кайталанма (тавтология) сөздөрдүн болбоосу;

- диссертациянын тематикасынын мамлекеттик заказдын милдеттерине, Кыргыз Республикасындагы изилдөөнү талап кылган артыкчылыктуу багыттарга илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерди аткаруу

Документ ПОДПИСАН электронной подписью

боюнча түзүлгөн келишимдерге, ошондой эле аталган иштерди аткарууга гранттарды берүү жөнүндө келишимдерге (макулдашууларга) туура келиши;

- диссертациялык изилдөө планынын иштелип чыгуу даражасы;

- ЖОЖдордо жана илимий уюмдарда диссертациянын берилген планына ылайык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык ресурстарынын болушу;

- талапкердин илимий жетишкендиктеринин болушу (илимий жана жарыялап чыгаруу активдүүлүгү).

Берилген документтердин жогорудагы аталган критерийлерге шайкештигин кароонун жыйынтыгы боюнча комиссия ар бир талапкер боюнча өзүнчө корутунду чыгарат. Кабыл алуу же баш тартуу жөнүндө чечим талапкерге беш күндүк мөөнөттө билдирилет. Комиссиянын чечими протокол менен тариздeлет. Протоколдун негизинде кабыл алуу жөнүндө чечим чыгарылган учурда комиссия кабыл алуу жөнүндө буйрук чыгарат.

Изденүүчүнү бекитүү чечими диссертациянын планын, темасын жана илимий жетекчисин бекитүү менен бирге ОшМУнун окумуштуулар (илимий-техникалык) кеңеши тарабынан комиссиянын протоколунун негизинде чыгарылат.

Изденүүчүлөр эки айлык мөөнөттө кафедранын (бөлүм, сектор, лабораториянын) кароосуна илимий жетекчиси (кеңешчиси) менен макулдашылган жеке иш планын берет.

Изденүүчүлөрдүн илимий жетекчиси (консультанты) болуп илимдин доктору окумуштуулук даражасы бар адамдар дайындалат. ЖОЖдун же илимий уюмдун окумуштуулар (илимий-техникалык) кеңешинин чечими менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жыл 6-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобого ылайык изденүүчүлөргө илимий жетекчиликке тиешелүү адистеги илимдин кандидаты тартылышы мүмкүн.

Докторлук диссертация изденүүчү тарабынан илимий жетекчиси (консультанты) жок даярдалышы мүмкүн.

6. Изденүүчүлөр жыл сайын тиешелүү кафедраларга андан кийин ОшМУнун илимий-техникалык кеңешине отчет берүү менен 1 (бир) жылдык аттестациядан өтүшөт.

Отчеттор төмөндөгүдөй тартипте кабыл алынат:

- Аспирантура жана докторантура секторунун сайтына катталуусу милдеттүү (https://ds.oshsu.kg /);
- Бир жыл ичиндеги жарыяланган докторлук диссертациясынын темасына тиешелүү илимий-методикалык эмгектердин болуусу;

документ ПОДПИСАН электронной подписью

- Аткарылган иштерге презентация (илимий-техникалык кеңештин регламенти боюнча) даярдалып 10 күн мурда аспирантура жана докторантура секторуна электрондук жана кагаз түрүндө тапшырылат;
- ОшМУнун Илимий-техникалык кеңешинде изденүүчүлөрдүн отчету угулуп аттестациядан өткөндүгү тууралуу корутунду чыгарылат.

Отчету канааттандырарлык эмес деп табылган изденүүчү бекитилген кафедрасынан диссертацияны коргоо алдындагы талкууда илимий-техникалык кеңештин чечими эске алынат.

7. Изденүүчүлөр бекитилген жеринде зарыл болгон жабдууларды, кабинеттерди, китепканаларды ж.б. пайдаланышат. Изденүүчүлөр иштеген ЖОЖдун же илимий уюмдун жетекчилери диссертация жазуу үчүн керектүү шарттарды түзүүгө жардамдашат.

Жогорудагы керектүү шарттарга атайын смета түзүлүп, келишим акысы эсептелген (Тиркеме 1, Тиркеме 2):

Бир изденүүчүнүн илимий жетекчилиги: (сааттык төлөмү боюнча 50 саат Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-июлундагы № 358 токтомуна тиркеме).

Сааттык төлөм ставкасы:

- профессорлор, илимдин докторлоруна – 247 сом.
- доценттер, илимдин кандидаттарына – 200 сом.

Орточо сааттык төлөм: (247 + 200) / 2 = 223,5 сом, КР №181 30.03. 2022-жылдагы токтомунун № 22 тиркемесине ылайык.

Социалдык фондго төлөмдөр 17,25%, коммуналдык кызматтар, иш сапарына кеткен чыгымдар, башка кызматтарды сатып алуу, окуу имараттын колдонулушу, компьютер жана интернет менен камсыз кылуу ж.б. кызматтар кирет.

**8. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби**

8.1. Бул Жободо түзүлгөн жагдайларга жараша өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө жол берилет.

8.2. Окумуштуулар кеңешинин (илимий-техникалык кеңештин) чечиминин жана ОшМУнун ректорунун буйругунун негизинде жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор талкууланып макулдашылгандан кийин күчүнө кирет.

документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

**Тиркеме 1**

"Бекитемин"

ОшМУнун ректору, профессор К.Г. Кожобеков

" " ___12___ 2025-ж.

**2025-2026-окуу жылына карата ОшМУнун 1 (бир) изденүүчүсүнө (илимдин доктору окумуштуулук даражасын) сарпталган чыгымдар**

Изденүүчүлөрдүн минималдуу саны: 20-25 (эсептөө 3 жылга) (сом)

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Чыгымдардын суммасы | | | Чыгымдардын жалпы суммасы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 курс | 2 курс | 3 курс | |
| 1 | **1 (бир) изденүүчү үчүн илимий жетекчилик:** 50 саат (КРдин Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-июлундагы № 358 токтому) | 50 | | | 750 |
| 2 | **Сааттык төлөмдүн ставкасы (почасовая оплата)** Профессорлор, илимдин докторлору - 247 сом Доценттер, илимдин кандидаттары - 200 сом (КРдин Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 токтомунун № 22 тиркемесине ылайык) | **247,00** | | | **223,50** |
| 3 | **ПО курамдын айлык акысы** | **12350** | | | **55875** |
| 4 | **ПО курамдын 3 жылдык айлык акысы** | **4117** | **4117** | **4117** | **61750** |
| 5 | **Аспирантура жана докторантура секторунун кызматкерлеринин айлык акысы:** Инспектордун оклады жана 1 (бир) айлык акысы 37802+ 40662 * 12 = 941568/2=470784*80%=376627,2 | 25108 | 25108 | 25108 | 376627 |
| 6 | Социалдык фондго чегерүүлөр 17,25% | 5041 | 5041 | 5041 | 75620 |
| 7 | Коммуналдык кызматтар | 533,3 | 533,3 | 533,3 | 8000 |
| 8 | Ин сапарлардын чыгымдары | 252,5 | 252,5 | 252,5 | 3787 |
| 9 | Башка кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 333,3 | 333,3 | 333,3 | 5000 |
| 10 | Имарат жана курулуш | 281,1 | 281,1 | 281,1 | 4216 |
| 11 | Машина жана жабдуулар | 333,3 | 333,3 | 333,3 | 5000 |
| | **Жалпы чыгымдар** | **36000** | **36000** | **36000** | **540000** |
| 12 | Илимдин докторлугун изденүүчүлөрдүн 1 окуу жылындагы минималдуу саны | 1 | 1 | 1 | 25 |
| | **1 (бир) илимдин докторлугун изденүүчүнүн чыгымдары** | **36000** | **36000** | **36000** | **21600** |

Илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор Э.А. Эшаров

Илимди өнүктүрүү департаментинин директору Ж.С. Батөнөев

Пландоо-финансылык бөлүмүнүн башчысы Д.Н. Курбанбаева

Аспирантура жана докторантура секторунун башчысы Ж.Т. Молдалиев

Документ ПОДПИСАН электронной подписью Распоряжение ОшГУ №194 от 12.05.2021

**Тиркеме 2**

"Бекитемин"

ОшМУнун ректору, профессор К.Г. Кожобеков

"___" ___12___ 2025-ж.

**2025-2026-окуу жылына карата ОшМУнун 1 (бир) изденүүчүсүнө (илимдин доктору окумуштуулук даражасын) сарпталган чыгымдар**

Изденүүчүлөрдүн минималдуу саны: 20-25 (эсептөө 3 жылга) (сом)

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Чыгымдардын суммасы | | | Чыгымдардын жалпы суммасы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 курс | 2 курс | 3 курс | |
| 1 | **1 (бир) изденүүчү үчүн илимий жетекчилик:** 50 саат (КРдин Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-июлундагы № 358 токтому) | 50 | | | 750 |
| 2 | **Сааттык төлөмдүн ставкасы (почасовая оплата)**<br>Профессорлор, илимдин докторлору - 247 сом<br>Доценттер, илимдин кандидаттары - 200 сом<br>(КРдин Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 токтомунун № 22 тиркемесине ылайык) | **247,00** | | | **223,50** |
| 3 | **ПО курамдын айлык акысы** | **12350** | | | **55875** |
| 4 | **ПО курамдын 3 жылдык айлык акысы** | **4117** | **4117** | **4117** | **61750** |
| 5 | **Аспирантура жана докторантура секторунун кызматкерлеринин айлык акысы:** Инспектордун оклады жана 1 (бир) айлык акысы 37802+ 40662 * 12 = 941568/2=470784*80%=376627,2 | 25108 | 25108 | 25108 | 376627 |
| 6 | Социалдык фондго чегерүүлөр 17,25% | 5041 | 5041 | 5041 | 75620 |
| 7 | Коммуналдык кызматтар | 533,3 | 533,3 | 533,3 | 8000 |
| 8 | Ин сапарлардын чыгымдары | 252,5 | 252,5 | 252,5 | 3787 |
| 9 | Башка кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 333,3 | 333,3 | 333,3 | 5000 |
| 10 | Имарат жана курулуш | 281,1 | 281,1 | 281,1 | 4216 |
| 11 | Машина жана жабдуулар | 333,3 | 333,3 | 333,3 | 5000 |
| | **Жалпы чыгымдар** | **36000** | **36000** | **36000** | **540000** |
| 12 | Илимдин доктурлугун изденүүчүлөрдүн 1 окуу жылындагы минималдуу саны | 1 | 1 | 1 | 25 |
| | **1 (бир) илимдин докторлугун изденүүчүнүн чыгымдары** | **36000** | **36000** | **36000** | **21600** |

Илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор — Э.А. Эшаров

Илимди өнүктүрүү департаментинин директору — Ж.С. Бөтөноев

Пландоо-финансылык бөлүмүнүн башчысы — Д.Ш. Курбанбаева

Аспирантура жана докторантура секторунун башчысы — Ж.Т. Молдалие[illegible]

документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021